DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Молдокулова Д.Т.*

## КЫРГЫЗДАРДАГЫ ЖЕСИР АЯЛДЫН АЗА КИЙИМИ
## (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)

*Молдокулова Д.Т.*

## ТРАУРНОЕ ОДЕЯНИЕ ВДОВЫ У КЫРГЫЗОВ
## (конец XIX - начало XX веков)

*D. Moldokulova*

## KYRGYZ WIDOW'S MOURNING CLOTHES
## (late XIX - early XX centuries)

*УДК: 393.05.98.:395.84*

*Кыргыздарда өлүм менен байланышкан ар бир түшүнүк, жөрөлгө, ырым-жырымга өзгөчө маани берилген. Аза күтүү каадасында негизги атрибуттардын бири болуп аза кийими эсептелет. Макалада кыргыздардын салттык турмушундагы жесир аялдын аза кийими изилдөөгө алынган. Жесирдин кийими, Кыргызстандын түндүк жана түштүк аймактарынын өзгөчөлүгү, айрыкча жесир аялдын аза күтүү мезгилинде кийген баш кийими терең талдоого алынган. «Жесир аял», «жесир катын», «тул катын», «тул», «тул кара» түшүнүктөрү, «Кара кийгизүү», «Карасын алуу», «Ак кийгизүү», «Ээгин бүтөө», «Чачын жаюу», «Чач жыйды», «Чач жыяр» сыяктуу салттар тууралуу маалымат берилип, маанисин ачып берүүгө арналган. Макала автордун этнографиялык талаа материалдарынын, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Кыргызстандын аймагында болуп кеткен изилдөөчүлөрдүн эмгектеринин жана аталган багытта жарык көргөн илимий эмгектердин негизинде жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыздар, өлүм, аза күтүү каадасы, жесир аял, аза кийими, ырым-жырым, тыюулар.*

*У кыргызов каждому понятию, обряду и ритуалу, связанным со смертью, придается особое значение. Одним из главных атрибутов траурного ритуала является траурная одежда. В статье рассматривается траурная одежда вдовы в традиционном быту кыргызов. Подробно проанализированы одежда вдовы, особенности северных и южных регионов Кыргызстана, особенности головного убора, который носила вдова в период траура. Раскрывается значение слов «жесир аял» («вдова»), «жесир катын», «тул катын» («вдова»), «тул», «тул кара», приводится информация о таких традициях, как «Кара кийгизүү» («одевание в черное), «Карасын алуу» («снятие черного), «Ак кийгизүү» («одевание в белое), «Ээгин бүтөө», «Чачын жаюу» («распускание волос»), «Чач жыйды», «Чач жыяр» («собирание волос») предназначены для того, чтобы дать информацию и раскрыть смысл. Статья написана на основе полевых этнографических материалов автора, трудов исследователей, посетивших территорию Кыргызстана в конце XIX - начале XX века, и научных работ, опубликованных в указанном направлении.*

***Ключевые слова:*** *кыргызы, смерть, траурный обряд, вдова, траурная одежда, ритуал, запреты.*

*In Kyrgyz, every concept, ceremony, and ritual related to death is given special importance. One of the main attributes in the morning ritual is mourning clothes. The article examines the mourning dress of a widow in the traditional life of the Kyrgyz people. The clothes of the widow, the characteristics of the northern and southern regions of Kyrgyzstan, especially the headdress worn by the widow during the period of mourning, were analyzed in depth. The article was written on the basis of the author's ethnographic field materials, the works of researchers who visited the territory of Kyrgyzstan at the end of the 19th - beginning of the 20th century, and scientific works published in the mentioned direction.*

***Key words:*** *Kyrgyz people, death, mourning ritual, widow, mourning clothes, ritual, prohibitions.*

**«Жесир» түшүнүгү.** Кыргыздардын салттык турмушунда күйөөсү өлгөн аялды «жесир аял», «жесир катын», «тул катын», «тул», «тул кара» деп атап коюшкан. Акыркы мезгилде жарык көргөн түшүндүрмө сөздүктөрдө «жесир – эри өлгөн аял» деп аныктама берилип, сейрек учурда аялы өлгөн эркекке карата колдонулат деп берилген [6, 503-б.]. Бүгүнкү күндө «жесир» түшүнүгүн көпчүлүктө эри өлгөн аялга багытталган сөз катары кабыл алышат. Бирок, жесир – күйөөсү өлгөн аялга же аялы өлгөн эркекке карата бирдей айтылган сөз. Бул сөз кыргыз тилиндеги арабизм болуп эсептелет [13, 251-б.].

«Тул», «тул катын», «тул кара» сөздөрүн көөнө сөз катары кароого болот. К. Юдахиндин сөздүгүндө «тул катын», «тул кара» түшүнүктөрү берилип, аларга: «Тул катын – вдова (до года после смерти мужа)», «тул кара – вдова в трауре по мужу» [13, 764-б.] деген аныктама берилген. Демек, бул сөздөр – маркумдун ашы өтүп, тулу алынганга чейинки мезгилде жесир аялга карата колдонулган. Адатта, аш аяктагандан кийин маркумдун келбети түшүрүлгөн тулду, жесирдин карасын өрттөө - аза күтүү каадасынын жыйынтыкталышын түшүндүргөн десек болот.

Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, кээде тул катын статусу аялда өмүр бою сакталып калган. Бул тууралуу И.Стасевич өз эмгегинде мындай маалыматты келтирет: Казак, кыргыз тилдеринде аза күтүү аяктагандан кийин, кайрадан турмушка чыгууга макулдугу бар аялга карата колдонулган атайын «жесир» деген аталыш бар. «Тул катын» деп, турмушка чыгуудан баш тартып койгон аялды да атап коюшкан. Ал үчүн аза күтүү мөөнөтү өмүр бою узаргандай болуп, жесир статусун алган эмес [10, 18-б.].

«**Кара кийгизүү**». Адам каза болуп, сөөктү боз үйгө жайгаштыргандан кийин, жакын туугандары аза кийимдерин кийинишкен.

Күйөөсү каза болгондо аза күтүүнүн белгиси катары аялынын сырткы келбетинде үч өзгөрүү жасал-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ган: ***кара кийгизүү, чачын жаюу, зер буюмдарын чечүү.***

«Кара кийгизүү» - кыргыздарда эзелтеден бери келе жаткан күйөөсү өлгөн аялдын аза күтүү каадасы. Эл арасында «кара жабуу», «тулга алуу» деп да аталган.

Күйөөсү өлгөн аялга «кара кийгизүү» жана «карасын алуу» милдети анын төркүндөрүнө гана таандык болгон:

- Жесирдин «карасы» - аза кийими төркүнү тараптан алынып келинген;
- Жесирге кийгизгенде да төркүнү жактан келген аялдар кийгизген;
- Маркумдун ашы аяктап карасын чечкенде да төркүндөрү тарабынан чечилген;
- Карасын алгандан кийин кайрадан төркүнү алып келген кийим кийгизилген.

Чанда бир учурда гана жесирдин карасын маркум күйөөсүнүн туугандары кийгизген. Т.Баялиева өз эмгегинде бул тууралуу мындай маалымат берет: Гүлүм Шералиеванын күйөөсү өлгөндө, ага аза кийимди кайын атасынын бир тууганы (кайнагасы) алып келген. Аялдар көйнөктү кийгизгенден кийин, кайнагасы өзү анын башына аза жоолугун байлады. Бул «аталып салынган кара» экендигин жана бул анда эч кимдин укугу жок, ага уулумду үйлөндүрөм деген маанини түшүндүргөндүгүн ал кийин билген [2, 70-б.]. Демек, жесирге каранын кайын журту тарабынан кийгизилиши, анын «башы байланганын» билдирип, маркумдун ашы өткөн соң кайын журту тарабына нике кыйылат деген ишарат, белги болгон.

Кыргызстандын түндүк жана түштүк аймагында жашаган кыргыздарда жесирдин аза кийиминде айрым айырмачылыктар болгон. Кыргызстандын түндүк аймагында жесир аялга кара көйнөк кийгизишип, сыртынан кара кемселди желбегей жабышкан. Башына адаттагыдай эмес, кичирээк элечек (токол элечек) тагынган жана анын ээк алмайы бош ташталган. Эгерде маркум кары адам болсо, элечектин үстүнө ак жоолук, ал эми орто же жаш куракта болсо – кара жоолук жабышкан. Жоолуктун түсүндөй элечекке кыргак тагылган. Кыргызстандын түштүк аймагында да жесирге кара көйнөк кийгизип, кара кемселди желбегей жамындырган. Башына маркумдун жашына карата ак, көк же жашыл жоолук жабышкан. Маркумдун жакын туугандары да аза кийимин кийинген. Аялдар кыркына чейин көк же жашыл түстөгү көйнөктөрдү кийишсе, атасы, ага-иниси, балдары баштарына жашыл жоолук байланышкан [2, 69-б.].

**Жесир аялдын баш кийими.** Жесирдин карасын кийгизүүдө анын баш кийими аза кийиминин негизги элементтеринин бири болгон. А.Кочкуновдун маалыматы боюнча, күйөөсү каза болгон аялдын баш кийимин чечүү «элечек бузуу» деп аталган [5, 146-б.]. Ал эми элибизде «элечеги oобогон» деп бир никедеги, күйөөсү өлбөгөн, күйөөдөн ажырашпаган аял кишилерди сыпаттаган [8, 64-б.].

Кыргыздардагы каралуу жесирдин баш кийими тууралуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде ар кыл маалыматтар кездешет.

Мисалга алсак Н.И. Гродековдун эмгегинде төмөнкүдөй маалымат берилген: Күйөөсүн жоктоп ыйлаган башына кара жоолук салынат, башка адамды, мисалы уулун жоктосо ак жоолук салынат [3, 258-б.].

Ф.Фиельструп информаторлорунун жашаган жерин, уруусун көрсөтүү менен бирге мындай маалымат берген: Жесир аял элечек тагынган эмес. Үч-төрт жылдан кийин чоң эмес, жапыз элечек тагынган. Буга чейин жоолук салынып жүргөн. Жесир аялдын аза кийими элечексиз (Каракол, бугу). ...Ашка чейин жесир элечек тагынган эмес. Анын ордуна кара жоолук салынып, үстүнөн ак жоолук салынган. Кийин жакын туугандары жаңы жоолук сатып беришет, ошондон кийин гана ал элечек киет, бирок көлөмү кичине. Эгерде жесирдин кайрадан турмушка чыгуу оюу болсо, ээк алгычы жок элечек тагынган (солто-карамоюн). ...Жесирдин башына элечектин ордуна маркум күйөөсүнүн жашына жараша кара, көк же кызыл түстөгү жоолук салынган. Карасын алганда ал жоолукту кемегедеги отко өрттөп салышкан. Элечекти жесирдин апасы же күйөөсүнүн жакын туугандары алып келет (кайназар). ...Жесир көк же ак жоолук салынат, ал анын бетине бир аз түшүп турат (Көкөмерен, саяк). ...Жесир элечектин үстүнөн жабылган жоолук менен жүрөт. Ал анын башын жана ийиндерин жаап турат (Нарын, ардакты). ...Күйөөсүн жоктоп ыйлаган аял кара жоолук салынат, баласын жоктогон аял ак жоолук салынат [12, 125-128-бб.].

А.Акматалиев эмгегинде элечектин жасалышы, түрү тууралуу кеңири маалымат берип, «Аза күткөн (же жесир) аял кара бүркөгөн *(бүркө- покрывать, закрывать)* [13, 168-б.] элечек кийген. Ал эми өлгөн кишинин жакын туугандары ашы өткөнчө элечектин ээк алмайынын бир жагын бошотуп да жүргөн» деп жазып кеткен [1, 306-б.].

А.Кочкунов өз эмгегинде кыргыздардын өлүк көмүү каадасын терең талдоого алып, жесирдин баш кийими жөнүндө мындайча баяндайт: «Элечек бузуу» жөрөлгөсү мындай жол менен ишке ашырылган: алгач жесирдин башындагы бийик ак элечегин чечип, аны жандырып, анын ордуна бир тарабына кыйшайган/оогон жапыз кара элечек (низкий черный тюрбан с наклоном набок) кийгизип, ээгин ачып, чачын жайып жана чоң кара жоолук менен жаап коюшкан. Башка вариант боюнча, элечектин ордуна башына анча чоң эмес кара түстөгү жоолук (платок темного цвета небольшой величины) салып, үстүнөн дагы бир чоң кара жоолукту жаап коюшкан [5, 146-б.].

Бүгүнкү күндө кыргыздардын улуттук кийимдерин изилдеген этнограф Н.Момунбаева этнография-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лык талаа материалдарынын негизинде жесирдин баш кийими тууралуу мындай маалымат берген: «Жасалышына жараша келин элечек, байбиче элечек, каз элечек, токол элечек, жесир элечек, күң элечек деп аталган.... Кыргыздардын салттуу коомунда элечек бир тартипте ак түстөгү кездемелерден даярдалган. ...Аза күтүү салтында элечектин кыргагы алынып, ордуна кара кездеме тартылган. Мындай белгилерден аялдын башы бош же жесир экендиги билинип турган» [9, 26-27-бб.].

Жогоруда келтирилген изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянсак, басымдуу бөлүгүндө жесирдин аза баш кийими катары – ***жоолук*** (маркумдун жашына жараша түстөгү, басымдуу бөлүгү кара) жана жоолук менен жабылып, кыргагы алынган ***элечек*** берилген. Белгилей кетчү нерсе, жесирдин карасы алынгандан кийин тагынган элечеги мурункудай бийик, көлөмдүү эмес, жапыз, чакан элечек болгон. Жесир аялдын башындагы баш кийими аркылуу анын азалуу экендигин, маркум күйөөсүнүн жаш же кары экендигин жана анын кайрадан турмушка чыгууга ниети бар же жок экендигин билүүгө болгон.

**Чачын жаюу.** Кыргыздарда күйөөсү өлгөн аялдын чачын жаюу - аза күтүүнүн белгиси болгон [7, 33-б.]. Т.Баялиеванын маалыматына таянсак, маркум жесирдин биринчи күйөөсү болгон учурда аялдын чачын жайышкан [2, 69-б.].

Маркум каза болгондон кийин, аймактык өзгөчөлүккө жараша үч, жети же кырк күн өткөндөн кийин жесир аялдын чачын кайрадан өрүү ырасымы жасалган. Бул салт «Чач жыйды», «Чач жыяр» деп аталган. Ал үчүн атайын эл чакырылып, мал союлуп, маркумга арналып куран окулган. Жесирдин чачын кайрадан өрүп жаткан учурда аялдар маркумду жоктоп ыйлашып, кошок кошушкан [12, 170-б.; 13, 852-б.; 4, 497-б.].

Чач жаюуда жесирдин жаш өзгөчөлүгү эске алынган. Жашы өтүп, улгайып калганда абышкасынын көзү өткөн жесир аялдын чачын жайган эмес. Бирок, кара кийгизилип, зер буюмдары чечилген.

**Зер буюмдарын чечүү.** Жесирдин сырткы келбетинде жасалган дагы бир өзгөрүү – жесирдин аза күтүү мезгилинде зер буюмдарды тагынбоосу. Сөйкө, шакек, билерик сыяктуу зер буюмдарын күйөөсүнүн ашы өткөндөн кийин тагынган. Бирок, андан кийин да көпчүлүктүн көңүлүн бурган өтө көп зер буюмдарды тагынган эмес. Бул өөн көрүнүп, коом тарабынан талкууга алынып, жактырылган эмес. Апасы, жеңеси, абысын-ажыны тарабынан акырын эскертилген.

Зер буюмдардан тышкары аялдын элечегинин кооздугу – кыргагы алынып, жогоруда белгиленгендей, элечекке аза жоолугунун түсүндөй кыргак тагылган. Кыргак – бул элечектин эң сырткы кырчоосу. Алар ар кандай эндүүлүктө, ар кандай кездемелерден кооз саймаланып, кымбат баалуу металлдар менен да чөгөрүлүп жасалган. Кыргак кооздолушуна жараша «алтын кыргак», «күмүш кыргак», «сайма кыргак», «оймо кыргак», «шуру кыргак», «жибек кыргак» деп айтылган. Кыргак элечекти кооздоп-көркөмдөө менен, анын жанып кетүүсүнөн, чубалып калуусунан да сактаган [1, 150-б.].

**«Карасын алуу».** Жесирдин карасы маркумдун ашынан кийин алынган. Жесир аялдын аза кийимин чечүү аймактык өзгөчөлүккө жараша – «Карасын алуу», «Ак кийгизүү», «Ээгин бүтөө» деп аталган. Бул салт тууралуу Талып Молдонун эмгегинде мындайча сүрөттөлөт: «Аш берилип, эл таргандан кийин каралуу катынды аялдар аш бышырган кемегенин жанына алып келишип, башындагы карасын кемегедеги отко өрттөп: - Эриңдин топурагы торко, жаткан жери жайлуу болсун, арты, кийини майлуу болсун, - дешип кемегеге май куюп, ырым-жырымдарын кылып туруп, каралуу катындын эри өлгөндө жазылган чачын аркасына эки бөлүп өрүп, анан ак элечек орошот да, аялга бата беришет. Ошондон тартып каралуу аялдын башынан карасы түшөт. Эшиктен кирип-чыгып мурдагы калыбына келе баштайт. Аш тарап, жесирдин карасы алынгандан кийин аял эрге тийүүгө, өлгөн кишинин жакын туугандарынын бирөөнө ал катынды алууга жол ачат» [11, 541-б.].

Жесир аялдын «карасын алганда», төркүнү «ак кийгизип», каралуу кийимин өрттөп салган. Кийинки жашоосунда ал кийимди кийип, колдонуп же башка бирөөгө берген эмес. Негизи кыргыздарда «Бүлүнгөндөн бүчү алба» деп, мындай нерселерге өзгөчө маани беришкен. Алсак, күйөөсүнөн жаш калган жесирдин, баласы өлгөн аялдын буюм-тайымын же өрттөнгөн үйдөн, кырсык болгон жерден эч нерсе албаганга аракеттенишкен, бир нерсеси жугуп калат, илешип кетет деп ишенишкен. А түгүл үй ээлери да өрттөнүп кеткен короо-жайы же үйүнөн аман калган буюм-тайымын колдонбогонго аракеттенишкен. Бирок, Ф.Фиельструптун кыргыздар тууралуу жазган маалыматында, бай адамдар жесирдин кийимин колунда жокторго берип койгон учурлары тууралуу да жазып кеткен [12, 125-б.].

**Жыйынтык.** Кыргыздарда аялдын коомдогу, үй-бүлөдөгү абалы жана ага болгон мамиле анын үй-бүлөдөгү статусунун өзгөрүшүнө жараша (кыз, келин, байбиче, токол, эне, кайын эне, жесир аял) өзгөрүп турган. Аялдын жашоосу күйөөсү өлгөндөн кийин таптакыр башка нукка бурулуп, анын күнүмдүк турмушунда, жүрүм-турумунда, кийим-кечесинде, коомдун ага жасаган мамилесинде олуттуу өзгөрүүлөр болгон.

Жесир аялдын кийинки тагдыры төмөнкү шарттарга жараша чечилген: жесир аялдын жаш курагына; баласынын бар же жоктугуна; алардын кыз же эркектигине; балдарынын жаш курагына; ошол үй-бүлөнүн материалдык абалына.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Жесирдин аза күтүү каадасында аялдын жашы эске алынган. Жашы өтүп калган жесирге чач жаюу, бетин тытуу, тасма тартынуу, кыл аркан ороо сыяктуу салттар колдонулган эмес. Мындан тышкары ошол үй-бүлөнүн социалдык абалы да жесир аялдын аза күтүү каадасына таасир эткен. Өзгөчө атактуу, белгилүү адамдардын жесиринин аза күтүү каадасы, жүрүм-турум этикети катуу кармалган. Алардын аза күтүүсү жөнөкөй үй-бүлөгө салыштырмалуу оор жана такыба аткарууга туура келген. Ошондуктан кыргыздарда «Катын намыс үчүн кара киет» деп айтылып калган. Карапайым үйдүн жесири үй оокатына эрте аралашууга аргасыз болгон.

Жесирдин жүрүм-туруму коомчулуктун тыкыр көзөмөлүндө болуп турган. Анын жаман жүрүм-туруму арбакты сыйлабастык, түгөл маркумдун туугандарына, уруусуна шек келтиргендик катары каралган.

Жесирге коомдун мамилеси анын кайсыл жашында күйөөсүнөн калгандыгына да жараша болгон. Күйөөсүнөн жаш калган жесирге кийин жашы өтүп карып калган мезгилинде да жакшылыкта жасалган айрым жөрөлгөлөрдү, ырым-жырымдарды жасаткан эмес. Мисалга алсак, жаңы келген келинге биринчи жоолукту салдырган эмес, жаңы келиндин «чач өрүү ырасымында» чачын өрдүргөн эмес. Жаш жубайларга арналган төшөктү, септи тигүүдө узду да тандашкан, жаш жубайларган арналып салынган төшөктү да ага салдырган эмес. Жаңы төрөлгөн наристенин киндигин кестирип же биринчи бешикке салдырган эмес.

Бүгүнкү күндө жесирдин аза күтүү каадасынын көпчүлүк жөрөлгөлөрү колдонуудан чыккан жана унутулган. Жайылган чач – жесир аялдын аза күтүүсүнүн негизги белгиси экендиги таптакыр унутулган жана маани берилбейт. Ушул сыяктуу кара түстөгү көйнөк тууралуу да айтса болот.

Жесирдин аза кийиминде кара, көк – азанын түсү катары сакталып калган, бирок, кийүү мөөнөтү кыскарды. Азыр айрым аймактарда жесирдин карасы маркумдун кыркында эле алынууда.

Аза күтүүдө «Кара кийгизүү», «Карасын чечүү» салттары сакталып калган жана адаттагыдай төркүн тарабынан ишке ашырылат.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А.С. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. – Бишкек, 1996.
2. Баялиева Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. - Фрунзе, 1996.
3. Гродеков Н.И. Киргизы и каракиргизы Сыръ-Дарьинской области. - Ташкент, 1889.
4. Каратаев О.К., Эралиев С.Н. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. - Бишкек, 2005.
5. Кочкунов А. Этнические традиции кыргызского народа (социокультурные аспекты и некоторые вопросы генезиса). - Бишкек, 2013.
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Т. I. - Бишкек, 2015.
7. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын өлүмгө байланышкан тыюулары жана ишенимдери // Кыргыз-Орус Славян университетинин илимий журналы. – Т.22. – №6. 31-35-б. URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_49268611_92821481.pdf
8. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы). – Бишкек: И.Арабаев атындагы КМУ, 2016. URL: https://-new.bizdin.kg/media/books/Кыргыздардын_салттык_жүрүм-турум_маданияты.pdf
9. Момунбаева Н.С. Түштүк кыргыздардын салттуу кийимдери (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы). – Бишкек, 2014.
10. Стасевич И.В. Статус вдовы в культуре казахов и киргизов (на основе материалов XIX - начала XX). Автореферат канд. диссертации. - СПб., 2005.
11. Талып Молдо. Кыргыз тарыхы, урууччулук курулушу, түрлүү салттар. // Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. – Бишкек, 1991. 506-551-б.
12. Фиельструп Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века. – М., 2002.
13. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. – Фрунзе, 1965.